DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Кумашова А.А.*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ТЕКСТТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРДИ ИШТЕТҮҮ АРКЫЛУУ ЛОГИКАЛЫК ОЙ-ЖҮГҮРТҮҮСҮН ӨСТҮРҮҮ

*Кумашова А.А.*

# РАЗВИТИЕ ЛОГИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ У УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ ПРИ РЕШЕНИИ ТЕКСТОВЫХ ЗАДАЧ

*A.A. Kumashova*

# DEVELOPMENT OF LOGICAL THINKING IN STUDENTS INITIAL CLASSES FOR SOLVING TEXT TASKS

*УДК: 373.2*

*Бул макалада башталгыч класстын окуучуларынын текстТүү маселелерди чыгаруу аркылуу логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүү жөнүндө баяндалат. Адамга элестетүү айлана-чөйрө жөнүндө алгачкы маалыматты берсе, ой-жүгүртүү анын ичинен керектүүсүн тандайт. Башкача айтканда, ой-жүгүртүү адамдын аң-сезиминдеги активдүү чагылуусу. Баланын ой-жүгүртүүсүнүн өнүгүшү менен анын сүйлөө жөндөмдүүлүгү да өнүгөт. Ой качан гана сөз аркылуу ойлонгон адамга жана башка угуп жаткан адамдар аркылуу кабыл алынганда гана материалдык форманы алат. Жогорку өнүккөн ой-жүгүртүү сөздөн тышкары боло албайт, ал дайыма тил менен байланыштуу, ал эми сөз ой-жүгүртүүнүн материалдык сырткы кабыгы. ТекстТүү маселелерди чыгаруу аркылуу окуучулардын логикалык ойлоосун өнүктүрүү математиканы окутуудагы негизги максаттардын бири болуп эсептелет. ТекстТүү маселелерди чыгарууда окуучулар көптөгөн билимдерди окуп үйрөнүшөт.*

***Негизги сөздөр:*** *башталгыч класс, окуучу, текстүү маселелер, ой-жүгүртүү, чыгаруу, сөз, өнүгүү.*

*В статье рассматривается развитие логического мышления у учащихся начальных классов при решении текстовых задач. Если воображение дает человеку первичную информацию об окружающей среде, то мышление выбирает из нее нужную. Другими словами, активное отражения психики мыслящего человека. С развитием мышления ребенка развивается и его речевая способность. Мысль приобретает материальную форму только тогда, когда она принимается через человека, который думает словами, и через других слышащих людей. Высокоразвитое мышление не может быть вне словосочетания, оно всегда связано с языком, а слово-материальная оболочка мышления. Развитие логического мышления учащихся через решение текстовых задач является одной из основных целей обучения математике. При решении текстовых задач учащиеся изучают множество знаний.*

***Ключевые слова:*** *начальный класс, ученик, текстовые задачи, мышление, решение, слово, развитие.*

*The article discusses the development of logical thinking in primary school students in solving textual problems.The initial information about the imagination of a person understands the environment, and the thought chooses the appropriate ones from them. In other words, an active reflection of the mind of a thinking person. With the development of the child's thinking develops and his speech. Thought takes material form only when it is received through the person who thinks in words and through other hearing people. Highly developed thinking cannot be outside the word combination, it is always connected with the language, and the word is the material shell of thinking. The development of logical thinking of students through the solution of text problems is one of the main goals of teaching mathematics. When solving text problems, students learn a lot of knowledge.*

***Key words:*** *primary class, pupil of school, text tasks, thinking, solution, word, development.*

Адам ой-жүгүртүү аркылуу айлана-чөйрөнү тааныйт. Ал адамдын аң-сезимине байланыштуу болот. Адамга элестетүү айлана-чөйрө жөнүндө алгачкы маалыматты берсе, ой-жүгүртүү анын ичинен керектүүсүн тандайт. Башкача айтканда, ой-жүгүртүү адамдын аң-сезиминдеги активдүү чагылуусу.

Баланын ой-жүгүртүүсүнүн өнүгүшү менен анын сүйлөө речи да өнүгөт. Ой качан гана сөз аркылуу ойлонгон адамга жана башка угуп жаткан адамдар аркылуу кабыл алынганда гана материалдык форманы алат. Жогорку өнүккөн ой-жүгүртүү сөздөн тышкары боло албайт, ал дайыма тил менен байланыштуу, ал эми сөз ой-жүгүртүүнүн материалдык сырткы кабыгы.

Мугалим сабакта окуучунун ой-жүгүртүүсүн тартипке келтирүүгө карата иш жүргүзүүсү зарыл. Бул, биринчиден, ой-жүгүртүлө турган объектини анализдөө, экинчиден ошол анализдин негизинде иш-аракетти пландаштыруу, үчүнчүдөн пландаштырылган иштин аткарылышынын ар бир кадамын текшерүү жана баалоо, керектүү учурда катасын ондоо.

Билими болбой туруп ой-жүгуртүү процессин өстүрүүгө болбойт. Бул боюнча россиялык психолог П.П. Блонский: “Канчалык билимдүү болсоң ошончолук ойлонууга жөндөмдүүсүн” деген. Бала алын-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ган маалыматтарды өздөштүрүү менен гана чектелбестен, ал аны андан ары өз алдынча чыгармачыл менен ой-жүгүртө алышы керек.

Улуу педагогдор Я.А. Каменский, ЖЖ. Руссо тарбиялоо ишинде инсандын табиятын, анын түшүнүгүнүн, ой-жүгүртүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алууга чакырышкан. Текстүү маселелерди чыгаруу аркылуу окуучулардын логикалык ойлоосун өнүктүрүү математиканы окутуудагы негизги максаттардын бири болуп эсептелет.

Текстүү маселелерди чыгарууда окуучулар көптөгөн билимдерди окуп үйрөнүшөт. Маселе менен окуучулар 1-класста эле тааныша башташат.

Мисалы; бала 5 кызыл жана 2 тегерекче кыркты. Бардыгы канча тегерекче кыркып алды?

Биринчи класста жөнөкөй маселелер менен бирге курама маселелер да киргизилген. Бул маселелер негизинен сумма менен айырмаланып каралуучу касиеттерин түшүндүрүүгө, бир эле амалдын колдонулушун ар түрдүү учурлар менен салыштырууга багытталган анчалык татаал эмес маселелер берилген. Берилген ар бир маселенин максатын аныктап, мугалим сабагына тыкан, так даярдык менен келгени маанилүү. Окуучулардын логикалык ойлоосун өстүрүү максатында төмөндөгү маселелерди чыгаруу ыкмаларын пайдалансак болот.

*1. Схема аркылуу маселенин чыгарылышын жазуу.* Схема маселе чыгарууда амалды туура тандай билүүгө алып келет. Схема менен маселе чыгаруу окуучулар үчүн оюн сыяктуу болуп кызыктуу келет. Мисалы; схема боюнча маселе түз (1-кл. 24-бет).

**Маселенин схемасы** **Чыгарылышы**

кызыл сары 5 + 4 = 9

5 4 Жообу: 9 машина.

?

Маселе: Асандын 7 алмасы бар. Алардын 3сү кызыл, калганы сары. Асандын канча сары алмасы бар?

**Маселенин схемасы** **Чыгарылышы**

кызыл сары 7 – 3 = 4

3 ? Жообу: 4 алма.

7

*2. Маселеге суроо коюп чыгаруу.*

Маселе: Бейшен 12 самолет учурду. Аскар болсо 3кө ашык. Маселеге суроо коюп чыгар (1-кл. 67-бет).

Маселеге 2 суроо койсо болот.

1) Бейшен 12 самолет учурду. Аскар болсо 3кө ашык. Аскар канча самолет учурду? Мында маселени шартын кыскача төмөнкүчө белгилеп, Аскар 3кө ашык учургандыктан 12+3 туюнтмасынын маанисин эсептейбиз:

Б – 12 с.
А – ? 3кө ашык
А – ? самолет
12 + 3 = 15 – Аскардын учурган самолету
Жообу: 15 с. учурду

2) Бейшен 12 самолет учурду. Аскар болсо 3кө ашык. Экөө биригип канча самолет учурду? деген суроо койсок, анда маселени кыска төмөнкүчө белгилейбиз. Биринчи Аскардын учурган самолетунун санын таап, ага Бейшендин учурган самолетун кошобуз:

Б – 12 с.
А – ? 3кө ашык
А – ? самолет
12 + 3 = 15 – Аскардын учурган самолету
12 + 15 = 27
Жообу: 27 самолет учурду.

*3. Берилген маселеге кайсы чыгарылыш туура келет?*

Маселе: Клара 7 жашта. Синдиси 3 жашка кичүү. Синдиси канча жашта?

**Чыгарылышы:** **Чыгарылышы:**
7 – 3 = 4 7 + 3 = 10
Жообу: 4 жаш Жообу: 10 жаш.

*4. Маселеге коюлган суроолорго карата өзгөртүп түзүү менен маселени чыгаруу.*

Маселе: Чоң атам бир түптөн 7 кг чие, экинчи түптөн 4 кг га көбүрөөк чие чогултуп алды. Чоң атам баардыгы канча килограмм чие чогултуп алды?

Маселенин шартын кыскача белгилеп, 1-экинчи түптөн чогултулган чиенин санын таап, анан ага бир түптүн санын кошобуз.

1 түп – 7 кг чие
2 түп – ? 4кг көп
Бардыгы – ?
7 + 4 = 11 – экинчи түп
7 + 11 = 18 – бардыгы
Жообу: 18 кг чие.

Эми ушул маселени кайра өзгөртүп 2 маселе түзсө болот.

1) Чоң атам эки түптөн биригип 18 кг чие чогултуп алды. Бир түптөн 7 кг чие чогултса, анда экинчи түптөн канча кг чие чогултуп алды?

Маселенин шартын кыскача белгилеп, канча кг чие чогултканын табалы.

Бардыгы – 18 кг
1 түп – 7 кг

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



2 түп – ?

18 – 7 = 11

Жообу: 11 кг чие.

2) Чоң атам эки түптөн биригип 18 кг чие чогултуп алды. экинчи түптөн 11 кг чие чогултса, анда бир түптөн канча кг чие чогултуп алды?

Маселенин шартын кыскача белгилеп, канча кг чие чогултканын табалы

Бардыгы – 18 кг

2 түп – 11 кг

1 түп - ?

18 – 11 = 7

Жообу: 7 кг чие.

Окуучулардын билгичтиктерин, көндүмдөрүн калыптандыруу, маселелерди турмуш менен байланыштыруу аркылуу алардын ой-жүгүртүүлөрү өсөт.

Мына ошентип, жогорудагы берилген маселелер окуучулардын ой-жүгүртүүлөрүн өстүрүүгө багытталган. Мындай текстүү маселелерди терең анализдеп, маселелерди чагырууга үйрөтсөк, окуучулардын логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүүгө чоң жардам болот.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б., Мкртчян С.Ш., Ибраева Н.И. Математика, 1-класс. - Б., 2011.
2. Бекбоев И.Б., Ибраева Н.И. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. - Б., 2011.
3. Төрөгелдиева К.М. Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. - Б., 2005.